| | | |
|---|---|---|
| **КАБЫЛ АЛЫНДЫ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын<br>2024-ж. «01» 11<br>№ 03 протоколу | **БЕКИТЕМ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору<br>Н.К. Турусбекова<br>______________<br>2024-ж. «19» 11 | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору<br>М.К. Чыныбаев<br>______________<br>2024-ж. «__» ______ |

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин укук коргоо жана коопсуздуктун студенттик отряды жөнүндө**

**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин (мындан ары - тиешелүүлүгүнө жараша Университет жана Колледж) укук коргоо жана коопсуздук боюнча студенттик отрядын түзүү жана анын ишин уюштуруунун тартибин жөнгө салат жана аныктайт.

1.2. Жобо Университеттин Уставына жана Университеттин жана Колледждин башка жергиликтүү ченемдик документтерине ылайык окуу топторун эң оптималдуу уюштуруу жана административдик башкаруу, студенттердин өз алдынча башкаруусун активдештирүү, Колледждеги укук бузууларга ыкчам чара көрүү жана коопсуздукту камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

1.3. Укук тартиби жана коопсуздуктун студенттик отряды (мындан ары - УТКСО) Колледждин студенттеринин арасында укук тартибин, коопсуздукту жана кылмыштуулуктун алдын алууну камсыз кылууга катышкан студенттердин бирикмеси.

1.4. УТКСОго активдүү жарандык позициясы бар, укук коргоо иштерине, долбоорлорду, демилгелерди жана программаларды ишке ашырууга активдүү катышкан, сабак учурунда да, Университетте жана Колледжде иш-чаралар учурунда да коомдук тартипти сактоого активдүү катышкан билим алуучулар мүчө боло алышат.

1.5. УТКСО өз ишмердүүлүгүндө Университеттин Уставын, Университеттин жана Колледждин Жобосун, нускамаларын, Университеттин ректорунун, Колледждин администрациясынын буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн, «Студенттик өз алдынча башкаруу жөнүндө» жобону, «И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин студенттик өз алдынча башкаруусу жөнүндө» жобосун, И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин билим алуучуларына карата бирдиктүү талаптар, И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин окутуучуларынын, кызматкерлеринин жана билим алуучуларынын сырткы келбетине карата талаптарды, ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.6. УТКСО мыйзамдуулук, ыктыярдуулук, өз алдынча башкаруу, айкындуулук жана ачыктык принциптерине негизделген.

1.7. УТКСО өзүнүн символдоруна жана атрибуттарына ээ болушу мүмкүн.